Мырзакат ТЫНАЛИЕВ, "Кыргыз Туусу"

● Улуттук банк түшүндүрөт

# Кредит алуудан мурда аны кайра берүүнү ойлон



***Акыркы кезде банктан же микрокредиттик мекемелерден насыя алып, аны бере албай, же берсе да бир катар көйгөйлөргө учураган адамдарды көп кездештирүүгө болот. Анын себебин, адистер жарандардын финансылык жактан сабатынын жоктугу менен байланыштырып келишет. Андыктан, карыз алып бизнес ачууну же кемчилигин толуктоону максат кылып жаткан калктын катмары үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Банктык жана микрофинансылык кызматтарын керектөөчүлөрүнүн укуктары боюнча бөлүмүнүн башкы юристи МАЙТПАСОВ Мирлан Эшенкуловичтен төмөнкү суроолорго жооп алдык.***

## ? Карыз алуудан мурда ар бир карызгер эмнелерди билүүгө тийиш?

*Баарыдан мурда карыз алуучу кредит алуу өтө жоопкерчиликтүү иш экенин билүүгө тийиш. Ал үчүн алгач эч болбогондо төмөнкү суроолорго жооп берип көрүү зарыл:*

- Мен карызга батуум керекпи?
- Мен кредитти үстөк пайыздары менен өз убагында жаба аламбы?
- Үстөк пайыз менен акча алганча, акча топтогонум эле жакшы болуп жүрбөсүн?

Ошентсе да турмушта акча топтоого мүмкүнчүлүк болбогон, а акча каражаттары шашылыш керек болуп калган учурлар да болот. Анда канткен туура болот?

Мындай учурларда жеке бюджеттен кандай суммадагы акчаны кредит боюнча бардык төлөмдөргө жумшоо реалдуу боло ала турганын эсептөө зарыл. Өз мүмкүнчүлүктөрүңдү баалоонун идеалдуу варианты – бул кредит боюнча төлөмдүн ар айлык суммасы (негизги сумма жана эсептелген үстөк пайыздардын суммасы) Сиздин ар айлык кирешеңиздин болгону 30-40 пайызына туура келгени.

Кандай болгон күндө да кредитти пайдалангандык үчүн үстөк пайыздарын банкка төлөп берүү менен анын өзүн да өз убагында кайтаруу зарылдыгын эстен чыгарбоо керек.

Ошентип карыз алуудан мурда ойлонуңуз, анан жети өлчөп бир кесиңиз.

## ? Карызгерге чындап эле акча каражаттарын карызга алууга туура келсе, анда эмне кылуусу керек?

Мындай учурда карыз алуучу биринчи кезекте ар кандай коммерциялык банктардын жана микрофинансылык уюмдардын сунуштарын иликтеп чыгуусу зарыл. Анткени, кредит жөнүндө маалымат чогултуу – чечимди туура кабыл алуу үчүн маанилүү этап.

Төмөнкүлөрдү аныктап алыңыз:

- үстөк пайыз ставкаларынын өлчөмүн,
- кредиттөө мөөнөтүн,
- комиссиялык жыйымдардын өлчөмүн,
- кредиттин камсыздалышын (кепилдик, күрөө ж.б.),
- башка зарыл маалыматтарды.

Бул маалыматтарды банктын адисинен, банктардагы кардарларды тейлөө жайларындагы кереге тактайчалардан, интернет ресурстардан жана жалпыга маалымдоо каражаттарынан алууга болот.

Кредиттерди берүү шарттары ар кайсы банкта ар кандай болушу мүмкүн.

Бир нече сунушту салыштыруу менен кардар өзүнө эң жакшысын тандап алса болот.

Банк төмөнкүлөргө милдеттүү экенин эстеп коюңуз:

– кредиттик келишимди түзүүгө чейин маалымат ачыктоого;

– Сизге милдентенмелериңизди аткарбоонун кесепеттери жөнүндө түшүндүрүүгө;

– Сиздин реалдуу төлөмгө жөндөмдүүлүгүңүздү иликтөөгө.

## ? Потенциалдуу карызгер кредиттер жөнүндө бардык маалыматтарды чогултту, ылайыктуу кредиттик мекемени тандап алды дейли. Анын андан-арки аракеттери кандай болмокчу?

Бардык зарыл маалыматты топтоп алгандан кийин карызгер төмөнкүлөргө көңүл бурууга тийиш.

⇨ Келишимге кол койгонго чейин карызгер келишимдин долбоорун ага тиркелүүчү бардык документтер менен бирге колуна алуу, таанышуу жана консультация алуу үчүн банктын чектеринен тышкары жакта башкаларга кайрылуу (1-3 күн аралыгында) укугуна ээ.

⇨ Кредиттик келишимдин тексти карызгерлердин кабылдоосу жана түшүнүүсү үчүн ачык жана жеткиликтүү болууга тийиш.

⇨ Келишимдин тексти керектөөчүнүн талабы боюнча кыргыз же орус тилдеринде боло алат.

⇨ Кредиттик келишимде жана бардык тиркемелерде колдонулган шрифт келишимдин текстинин баш-аягына чейин бирдей болууга тийиш.

⇨ Банктын кардарларынын укуктары менен милдеттемелеринин, чыгымдарынын (төлөмдөрүнүн) тизмеси келишимдин ажыратылгыс бөлүгү болуп саналат, ал таблица формасында түзүлөт.

⇨ Банк карызгерди көрсөтүлгөн тизме менен тааныштырууга тийиш, зарыл болгон учурда кардарга кредит боюнча эсептешүүлөрдүн тартиби, туумдар, айыппулдар ж.б. жөнүндө түшүндүрүүлөрдү берүүгө тийиш.

Мына ошентип келишимдин бардык шарттарын толук талдап чыккандан кийин гана ага кол коюуга болот.

Кандай болгондо да, жада калса карызгер кредиттик келишимге кол коюп койгон учурда да, анын келишимге кол койгон учурдан акчаны алган учурга чейин кредиттин өзүн алуудан баш тартууга толук укугу бар.



## ? Кредитти алгандан кийин карызгерге айтылуучу негизги кеңештер кайсылар болмокчу?

Кредитти алгандан кийин:

➢ Төлөмдөр графигинде көрсөтүлгөн төлөмдөрдү өз убагында жүргүзүңүздөр. Жада калса бир күндүк кечиктирүү үчүн да сизге айып санкцияларын салып коюуга мүмкүн.

➢ Банктан алган квитанцияларды тыкан текшерип көрүңүз жана аларды кредит толук жабылганга чейин сактаңыз.

➢ Өз милдеттенмелериңиз боюнча ар кандай суроо жаралган учурда (кредиттин калдыгы, ж.б.) өзүңүздүн кредиттик экспертиңизге кайрылыңыз.

➢ Кредиттик уюм менен бардык мамилелериңизди – суроо-талап, билдирүү, доомат ж.б. жазуу жүзүндө тариздөөңүз керек.

➢ Талаш кырдаалдар келип чыккан учурда түшүндүрүү алуу үчүн кардарлардын кайрылууларын кароо боюнча банктагы учурдагы процедураларга ылайык биринчи кезекте банкка кайрылуу зарыл.

## ? Карызгер билүүгө тийиш болгон дагы кандай башкы нерселер бар?

Жогоруда айтылгандардан тышкары, төмөнкүлөрдү да билүү маанилүү:

- Банктын кызматкерлери сый акы алуу менен кардарга кредит берүүдө ортомчу болуп көмөктөшүүгө укугу жок.
- Үстөк пайыздар негизги сумманын калдыгына эсептелет.
- Карызгер ал жөнүндө кредиторго кредитти кайтарууга 30 күндөн кем эмес мөөнөттө билдирген шартта кредитти мөөнөтүнөн мурда жабууга укуктуу.
- Микрофинансылык уюмдар индексацияланган кредиттерди, башкача айтканда чет элдик валютага (долларга ж.б.) байланыштырып сом менен кредиттерди берүүгө укуксуз.
- Кечиктиргендик үчүн төлөмдөрдүн (айып пулдардын, туумдардын) максималдуу өлчөмү берилген кредиттин суммасынын 20%ынан ашпоого тийиш.

***Кредиттер, кредиторлордун жана карызгерлердин укуктары менен милдеттери жөнүндө жана башка пайдалуу маалыматтарды төмөнкү интернет сайттардан алууга болот:***

**www.nbkr.kg, www.finsabat.kg**